“Макулдашылды”:
С.Чокморов атындагы жалпы билим берүү
орто мектебинин профсоюз уюмунун
төрагасы: ________________ Г.Ж.Кебекова
«_10._» ______09.______ 2021-ж.

«Бекитемин»
С.Чокморов атындагы ЖББОМ
директору ______________ Д.Турусбеков
«___10.___» ______09______ 2021-ж.

## Мугалимдин функционалдык милдеттери

### 1. Кызматтык милдеттери:

- Педагогикалык учурда жана окуткан сабагынан өзгөчөлүгүн эске алуу менен жогорку илимий жана усулдук деңгээлде окуучуларга сабак өтөт;
- Окуучуларды окутуунун ар кандай окутуу калыптарын, усулдарын жана каражаттарын колдонот;
- Окуткан сабагы боюнча окутуу материалдарын пландаштырат, жалпы билим берүү программаларын аткарууну жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын базистик деңгээлиндеги талаптарын бардык окуучулар тарабынан өздөштүрүүнү камсыз кылат, алардын жөндөмдөрүн жана көнүгүүлөрүн калыптандырып, алган билимдерин тажрыйбада колдонууга даярдайт;
- Окуучуларды сабактар боюнча олимпиадаларга жана конкурстарга катышууга даярдайт;
- Окуучуларды класстан класска которуу сыноолорун өткөрөт, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына катышат;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын окутууну, “Манас” эпосунда, ошондой эле кыргыз жана республикада жашаган башка улуттардын жакшы каада-салттарында аныкталган негизги жалпы адамзаттык принциптеринин негизинде окутуу-тарбиялоо ишин алып барат;
- Мектепке тийиштүү документацияны туура жана өз учурунда жүргүзөт;
- Педагогикалык кеңештин чогулуштарына, усулдук бирикмелерине ж.б. иш чараларга активдүү катышат;
- Окуу планынын мектептик компонентин аткарып, сабак боюнча жана башка кружокторун жетектейт;
- Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен туруктуу байланышта иш алып барат;
- Класстагы окутуу чөйрөнүн абалына байкоо жүргүзүп, класс жетекчисине билдирет;
- Окуучулардын жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, алардын жетишкендиктерин анализдейт, ошондой эле окутуу тартибин тутуусун жана сабактарга катышууларын камсыз кылат;
- Өзүнүн кесиптик жана дасыктык даярдыгын системалуу жогорулатат;
- Балалыкты коргоонун, жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоонун, техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун тартиптерин, санитардык гигиеналык түзүлүшүн, окуучулардын эмгегин коргоону жана жалпы билим берүүчү уюмунун окутуу-материалдык-техникалык базасынын сакталышын тутуп, аткарат;
- Окуучулардын окуу китептери менен камсыздалышын жана аларды сактоону көзөмөлдөйт;
- Тийиштүү сабак боюнча окуу кабинетинин заманбап каражаттар жана окутуу дидактикалык материалдар менен камсыздалышын пландаштырат;

- Сабакта жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү учурунда бекитилген окуучуларынын контингентин өмүрлөрүн жана ден соолуктарын сактоого персоналдык жоопкерчилик тартат;

2. **Билиш керек:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарын жана Окуучуларга билим берүү жана тарбиялоо боюнча башка ченемдик-укуктук документтерин;
- Педагогикалык жана илимий усулдук маселелерин чечүүчү жалпы теоретикалык сабактарынын негиздерин;
- Педагогиканы жана педагогикалык психологияны ;
- Балдардын социологиясынын, физиологиясынын жана гигиенасынын негиздерин;
- Дүйнөлүк жана ата-мекендик педагогикалык илимдин жана тажрыйбанын жетишкендиктерин;
- Мамлекеттик институттарынын, коомдук уюумдарынын окуучуларга билим берүү тарбиялоо боюнча милдеттерин жана укуктарын;
- Балдардын укуктары жөнүндө Конвекциянын жана педагогикалык жүрүм-турумдун ченемдерин;
- Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун эрежелерин;

**"Функционалдык милдет менен тааныштым".**

С.Чокморов атындагы ЖББОМ ___география___ сабагынын мугалими

___Досова Г. Б.___ колу ____________